**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**
**ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ**
**№8 жыйынынын протоколу**

**Дата: 25.09.2017-жыл**
**Убакыт: 14.00.**
**Бөлмө: Конференц-зал**

**КҮН ТАРТИБИНДЕГИ МАСЕЛЕЛЕР:**

1. Илимий кызматкер Ч.Аттокурованын 3-жылдык илимий ишинин жыйынтыгы жөнүндө.

*Г.Сейдекулова*

2. Мугалимдердин август кеңешмесинин жыйынтыктары жөнүндө.

*Б.Субанова*

3. Об утверждении Положения об экспертизе и апробации учебно-методических комплексов в образовательных организациях Кыргызской Республики.

*А.Ниязова*

4. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарындагы 10-11-класстар үчүн Кыргызстан тарыхы жана Дүйнө тарыхы предмети боюнча программанын (базалык багыттагы) долбоору жөнүндө (түзүүчүлөрү: Абдырахманов Т.А. т.и.д., профессор, И.Арабаев атындагы КМУнун ректору, Доталиев А.К., Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун ага окутуучусу).

5. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-9-класстар үчүн География предмети боюнча программасы жөнүндө (түзүүчүлөрү: Жунушалиева К.К., КББАнын Социалдык-гуманитардык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери, п.и.к., доцент., Шыгаева Ч.У., география мугалими., Кулматов Т.Н., г.и.к., Ж.Баласагын атындагы КУУнун физикалык география кафедрасынын доценти., Кадыркулов М.К., г.и.к., Ж.Баласагын атындагы КУУнун физикалык география кафедрасынын проф., Токторова Р.А., г.и.к., Ж.Баласагын атындагы КУУнун география, экология жана туризм факультетинин деканы, доцент).

*М.Иманкулов*

6. КББАнын илимий кызматкердик бош орундарына шайлоо жөнүндө.

6.1. Г.Ж. Карагозуеваны, Табигый-математикалык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясынын илимий кызматкер орунуна шайлоо.

6.2. Ибирайым кызы Айжанды, Технология, искусство жана дене маданияты тармагынын маселелери лабораториясынын башчысы орунуна шайлоо.

6.3. А.Р. Абакированы, Билим берүүнүн жана тарбиялоонун теориясы жана практикасы лабораториясынын илимий кызматкер орунуна шайлоо.

6.4. Г.С. Тагаеваны, Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун теориясы жана практикасы лабораториясынын башчысы орунуна шайлоо.

6.5. М.К. Иманкуловду, Социалдык-гуманитардык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясынын башчысы орунуна шайлоо.

*А.Токтомаметов*

**7. Кол жазмаларды бекитүү.**

7.1. О рукописи учебного руководства «Грамотный пешеход» («Сабаттуу жөө жүрүүчү») для учителя и дидактического материала для учащихся (сост. Б.Тунуков, М.Иманкулова, В.Югай).

*Ибирайым к.Айжан*

7.2. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 3-класстары жана тереңдетилип окутуучу мектептердин 1-класс окуучулары үчүн “English World” окуу китеби (авторлору Мэри Боуэн, Лиз Хокинг), 7-9 класстары үчүн «Макмиллан» басмасынын “Hot Spot” окуу куралы (авторлору: Колин Грейнджер, Кэтрин Стэнет, Барбара Маккей ж.б) жөнүндө.

*С.Рысбаев*

**А.Мамытов:** Урматтуу коллегалар, бүгүн Окумуштуулар кеңешинин кезектеги отуруму. Кворум бар. Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсүнөн 15 мүчөсү отурумга катышып турат. Отурумду баштоого ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул.

Анда эмесе отурумду баштайбыз.

1. **Илимий кызматкер Ч.Аттокурованын 3-жылдык илимий ишинин жыйынтыгы жөнүндө.**

**Г.Сейдекулова:** Аттокурова Чинара Амановна Кыргыз билим берүү академиясында көп жылдардан бери мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо борборунда, андан кийин 2013-жылдын сентябрь айынан баштап айкалыштыруу менен Мектепке чейинки жана башталгыч мектептик билим берүү лабораториясында иштеп келет. Ал өз ишине жоопкерчиликтүү мамиле кылат.

Жер жерлерде стандарттар боюнча өткөрүлгөн семинар тренингдерде математика предметинин учурдагы абалы, окуу методикалык комплекси толугу менен талдангандыктан, мугалимдер үчүн анкета, ата-энелер үчүн суроолор, окуучулар үчүн предметин мазмунун аныктоочу тесттер түзүлдү. Анын жыйынтыктары талданып жалпыланды. Ал илимий иштин биринчи жылында предметтик стандарттын мазмунун аныктап бир нече талкуудан кийин ондоп түзөө менен окумуштуулар кеңешинде, билим берүү жана илим Министрлигинде бекитилди. Экинчи жылы предметтик стандарттын негизинде программа иштелип чыкты. Быйылкы жылы окуу методикалык комплекси талданууда. 3 жылдын ичинде темага байланыштуу теориялык адабияттар иликтенип үйрөнүлүп, тажрыйбалуу мугалимдеринин сунуштары талданып, талаптар иштелди.

Аттокурованын 3 жылдык илимий отчетту лабораторияда каралып, окумуштуулар кеңешине сунушталды.

**Ч.Аттокурова** отчет берди (отчету тиркелет).

**Е.Син:** У меня вопрос: как звучит ваша научная тема, утвержденная на 3 года?

**Ч.Аттокурова:** КРнын 2015-2020-жж. Билим берүү стратегиясын иштеп чыгуу.

**Е.Син:** Это общая тема, касающаяся всех научных работников. А ваша личная научная тема?

**Ч.Аттокурова:** Математика предмети боюнча стандартын өркүндөтүү – 2015-жыл, окуу программасын түзүү – 2016-жыл, окуу-методикалык комплекс – 2017-жыл.

**А.Мамытов:** Сиздин илимий темаңыз жыл сайын бекитилеби?

**Ч.Аттокурова:** Жок, булар 3 жылдын темалары, быйыл үчүнчү жыл бүтүп жатат.

**Е.Син:** Сколько ваших статей за 3 года вышло в «Известиях КАО»?

**Ч.Аттокурова:** 4 статьи.

**Е.Син:**3 вопрос: вы участвовали в тренингах. Какую пользу вынесли вы из данных тренингов?

**Ч.Аттокурова:** Менин жеке илимий ишиме жакшы жөрөлгө түзүлдү. Башталгыч класстардын мугалимдери менен иштөөдө, тажрыйбасын топтоого чоң жардам берди.

**Б.Рыспаева:** Эмне үчүн типтүү окуу программасы деп аталып жатат? «Типтүү» деген термин совет доорунда колдонулган термин.

**А.Мамытов:** Биз кандай бекиттик? «Типовой» деген сөз барбы? Бекиткен боюнча колдонуу керек.

**К.Добаев:** Менин уулум 4-классты бүттү. Окуу жылдын аягында математикадан тест берген. 83% эсептерди чыгара албай коюптур. Математикадагы маселелерди балдар өздөрү чыгара албайт экен, ата-энеси менен гана чыгарат экен. Сиз көп жылдан бери

математиканы предмети боюнча илимий жагын жетектеп келесиз. Эмне үчүн мындай көрүнүш болуп жатат?
**Ч.Аттокурова:**Эгер орус тилдүү мектеп болсо эки программа менен иштейт: жалпы орто мектеп Моронун китеби менен иштейт, экинчи – Петерсондун китептери менен иштейт. Петерсондун китеби окуучулар эмес мугалимдер үчүн оор китеп. Окуу китептеринин түзүлүшү оор болуп калган.
**А.Мамытов:** Сиз ушул проблема боюнча изилдөө жүргүздүңүзбү?
**Ч.Аттокурова:** Ооба, анкета аркылуу балдар менен иштедик.
**А.Мамытов:** Анкета аркылуу китеп оор деген жыйынтыкка келдиңиз?
**Ч.Аттокурова:**Көбүнчө кыргыз мектептерде анализдедим. Бекбоевдин китебиндеги маселелерди 65% окуучулар чыгара алат, түшүнөт. Моронукун анализдегенде андан да көп % бериши керек…
**А.Мамытов:**Анализдеген эмес, изилдөө жүргүзүлүп, Моронун китеби боюнча ушунча окуучу окуйт, Петерсондун китеби боюнча ушунча окуучу окуйт,
**Ч.Аттокурова:** Моронун китеби боюнча жетишкен жокмун. Бирок 6-7 ай министрликтин тапшырмасы боюнча анализ кылгам, ошонун негизинде айтып жатам.
**А.Мамытов:** Азыр жергиликтүү авторлордун китептерди жаратпай, Россияныкын алабыз деп жатат. ушуга сиз кандай карайсыз?
**Ч.Аттокурова:** Негизинен алса болот, бирок өркүндөтүү керек.
**А.Мамытов:** Канча баланы изилдедик, % кандай. 83% чыгара албайт деп жатат.
**Ч.Аттокурова:** Мен макул эмесмин 83% дегенге. Анкета жүргүзгөн кезде 60% чыгарышкан.
**А.Мамытов:** Мен илимий кызматкер, сиз илимий кызматкер, ушуну анкета аркылуу аныктаса болобу?
**Е.Син:** Нет, этого будет недостаточно.
**Ч.Аттокурова:**Анкета, тесттер менен аныктаса болот.
**А.Мамытов:** Анда анкетаны айтпаңыз, тесттик изилдөөлөр болсун. Тесттер программага негизделген болсун. Ошондо гана бул изилдөө илимий изилдөө болуп эсептелет.
**К.Добаев:** Стандартта 3 деңгээл болушу керек: репродуктивный, продуктивный, продвинутый. Ушул 3 деңгээл көрсөтүлдүбү стандартта?
**Ч.Аттокурова:**3 деңгээлди камтый турган материал киргизилди.
**А.Мамытов:** Лаборатория «Читаем вместе» мене ниш алып барып жатып алыстап кеткендей.
**С.Байгазиев:** Азыр көп жеке бала бакча, мектептер ачылды. Математик катары программалары, пландары менен тааныштыңызбы?
**Ч.Аттокурова:** Ал мектепте деле жалпы мектептегидей эле окутат. Программалары, пландары жалпы мектептикиндей.
**А.Мамытов:** Акыркы убакта ментальная арифметика жайнап кетти. Ал эмне? Бардык мугалимдер ментальная арифметиканы окутса болобу? Ошондой мисалдар бар.
**Ч.Аттокурова:** Өзгөчө даярдык керек. Эгерде ошондой бир бала келсе, аны менен жекече иштөөгө туура келет.Азыр мектептерде деле ментальная арифметика деп курстарды ачып жатышат. Жайында окутуп сертификат берип жатышат.
**А.Мамытов:** Бул маселени министрликтин алдына коюш керек. Курстарды өтө коебуз деп, может, вреда больше наносит.
Сиз лабораторияда иштегениңизге канча жыл болду?
**Ч.Аттокурова:** 3 жыл болду.
**А.Мамытов:** Сиздин отчетуңуз окуу жылдары менен келе жатат. илимий мекеме болсо календардык жыл менен иштейт. Болбойт. Үч жылда муну түшүнүп калыш керек эле. Экинчи маселе. Изилдеген темаңыздан алынган жыйынтыгынынилимий жаңылыгы эмнеде?
**Ч.Аттокурова:** Тажрыйбалуу мугулимдердин тажрыйбасын топтоо, жыйынтыгынын негизинде…

**А.Мамытов:** Отчетто жазылып жүрөт: илимий жаңылык – предметтик стандарт. Ушул илимий жаңылыкпы?

**Ч.Аттокурова:**Предметтик стандарттарга…

**А.Мамытов:** Экинчи жаңылык – окуу-методикалык жаңылоо үчүн талаптар дейт. Ушул илимий жаңылыкпы? Жок. Илимий жаңылыктын өзүнүн жаратылышы болот. Үчүнчү жаңылык – мугалимдерге суроолорду даярдадык дейт. Ушул да жаңылыкпы? Диссертациялардын авторефераттарды карап көрсөңуз, илимий жаңылыктар кандай өңүттө жазылат. Сиздин отчетуңуз мындай өңүттө жарабайт.

Практикалык баалуулугу. Отчетто практикалык баалуулугу башталгыч класстардын мугалимдери деп жүрөт. Сиздин темаңыздын мугалимдерге кандай тиешеси бар? Ойлонуп жазгыла да. Ар жыл сайын жаңылык алуу кыйынга турат. Илимий кызматкер катары илимий изилдөөнүн жыйынтыгына таянып жазуу керек. Лаборатория талкуулаган учурда жоопкерчилик менен мамиле болбой калган. Жөн эле жазып койгон. Суроо берсем сөздүн төркүнүн түшүнбөй жатат.

**Г.Сейдекулова:** Чинара Амановна колу бошобой калып отчеттун акыркы варианты кеч берилип калды.

**А.Мамытов:** Кимде кандай суроо, пикир бар?

**Е.Син:** Чинара Амановна очень ответственный работник. Ею рассмотрено много учебников на предмет пригодности. Это очень кропотливая работа. Ч.Аттокурова сама аккуратная, ответственная. Я предлагаю утвердить отчет с замечаниями,отметить отчет,хотя с натяжкой, как удовлетворительный.

**Г.Сейдекулова:** Статистикалык материалдарынан бери бар болчу. Ошолорду анализдеп алып чыга албай калды. Отчетун канааттандырарлык деп кабыл алсак.

**А.Токтомаметов:** Чинара Амановна башталгыч класстар үчүн математика окуу китептерин эксперт катары көп карады.Ошондо баалоосу дагы так болгон

Илимий отчет боюнча: эч качан лабораторияда окуу жыл менен жазган эмеспиз. Билбейм, бул кандай болуп калды.

Илимий жаңылыктар боюнча: жаңылык болбосо дагы илимий жаңылыкка ылайыкталып талаптарды иштеп чыкканбыз. Ошол иштерди чагылдыра албай калганы өкүнүчтүү болуп жатат. Отчетко даярдык начар болгону көрүнүп турат.

Тест боюнча болсо Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо лабораториясы менен тыгыз байланышы болбой калганы көрүнүп калды. Эки подразделение бири бири менен иштебей калганы бизге дагы сигнал, карашыбыз керек.

Билим берүү стандарттарды ишке киргизүү боюнча проект чоң жардам берет. Ал жерде атайы бир күн окуу-методикалык комплекстерди талдоого арналат мугалимдер менен бирге. Ошону мен отчеттон көрө алган жокмун.

Ментальная арифметика боюнча: министрликтен ментальная арифметика жөнүндө менин пикиримди сурады. Ал жөнүндө тереңирээк билүү үчүн семинарга катышып келдим. Ысык-Көлгө Кытайдан адис келген. Кытайда ментальная арифметика 5 жыл мурда башталган. Кыргызстанга жардам катары 5 жыл окутат экен. Ментальная арифметиканын артыкчылыгы – балдар кайсы предмет болбосун, окуганда мээсинин эки полушариясы бирдей иштейт. Ментальная арифметиканы башталгыч класстын мугалими, педагогикалык билими бар мугалимдер иштөөсү керек. Азыркы күндө 10дон ашык компаниялар иштеп жатат.

**Г.Тагаева:** Биздин лаборатория тесттерди түзүп №69-мектепте тестирлөө өткөндө катышкан. Чинара эже, эмне үчүн биздин лабораториядагы тесттердин жыйынтыктарын алган жоксуз? Чинара эже консультант катары биз менен иштеген. Лабораторияда азыр 5-класска тесттер түзүлүп жатат.

**А.Токтомаметов:** Даяр тесттер болсо, ошону эле колдонсо болот экен.

**А.Мамытов:** КАПСАнын тесттерин киргизиш оңойго турган жок. Эми чогуу алып кетүү керек. Ментальная арифметиканы эмне үчүн изилдеш керек деп жатам: бала андан кийин эмне болот. Айтылып жаткан эки полушария тең иштейт деп жатат. Бул теория.

Эмоциональное выгорание деген бар. Вундеркиндder эмне болуп жатат? алар бүгүнкү күндө каякта? Ушундай изилдөөлөр дүйнөдө барбы?
**А.Токтомаметов:** Олимпиада уюштурулуп, калькулятор менен иштеген балдар, ментальная арифметикага катышкан балдар арасында таймаш болгон. Калькулятор менен иштеген балдар артта калган.
**Г.Сейдекулова**: Академия роста, ментальная арифметика боюнча проекттин директору келип мектепке киргизели деп министрлик менен иштеп жатабыз деп айтты.
**А.Мамытов:** Перельман, что с ним стало?
**Е.Син:** Сделал много открытий, однако нет жены, семьи.
**А.Мамытов**: У него свой мир, он не социализируется. Поэтому я говорю о необходимости научного исследования по ментальной арифметике. Нельзя рекомендовать всем. Если мы промолчим, это будет неправильно. Нужно очень бережно относиться к ресурсам человека. Если мы интенсивно начнем сжигать ресурсы детей, то это ни к чему хорошему не приведет.

Чинара Амановна, сиздин иштеп жатканыңызды биз билебиз. Аракетиңизди урматтайбыз. Бирок, илимий өңүттөн келгенде кемчиликтер бар экендигин мойнуңузга алыңыз. Бул жеңил-желпилик жөнүндө кабар берет. Бул жерде көбүрөөк иштейм деп жогорку окуу жайга дагы тапшырдыңыз. Ошондуктан бүгүнкү айтылган сөздөрдөн жыйынтык чыгарыңыз.

Ушундай өңүттө чечим чыгарганга ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул. Чечим кабыл алынды.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**
1. Илимий кызматкер Ч.Аттокурованын 3-жылдык илимий ишинин жыйынтыгы боюнча отчету кабыл алынсын.
2. Ч.Аттокурова илимий ишин алып барууда төмөнкү сунуштарды эске алсын:
1) илимий кызматкер катары 3 жылдык жекече теманы аныктоо зарыл;
2) жыл сайын аткарылган илимий иштердин жыйынтыгы лабораторияда талкуудан өтүшү;
3) илимий отчет белгиленген таритпте, бекитилген схема менен жазылуу керек.
3. Аткарылган илимий иштердин жыйынтыгы тууралуу талкуу лабораторияда толук кандуу, жоопкерчиликтүү мамиле менен өтүлсүн. Жоопкерочилик Мектепке чейинки жана мектептик билим берүү лабораториясынын башчысы Г.Сейдекуловага жүктөлсүн.

2. **Мугалимдердин август кеңешмесинин жыйынтыктары жөнүндө.**

**Угулду:** Уюштуруу-методикалык бөлүмдүн башчысы **Б.Субанованын** 2017-2018-окуу жылынынын алдындагы мугалимдердин август кеңешмесинин Август кеңешмесинин жыйынтыктары жөнүндө маалыматы.

2017-2018-окуу жылында август кеңешмесине методикалык сунуштарды даярдоо боюнча тапшырма лабораторияларга март-апрель айларында берилген. Тиешелүү адистер өз адистиктери боюнча сунуштарды эки (кыргыз, орус) тилде даярдашып, өз убагында КР Билим берүү жана илим министрлигине өткөрүлүп берилди. Ар бир предметти экиден эксперт: бири илимий наамы бар, экинчиси мектептеги практик мугалим талдоо жасашты. Алар көрсөткөн кемчилдиктерди биздин адистер өз убагында оңдоп берип турушту. Август кеңешмесине предметтер боюнча методикалык сунуштар «Кут Билим» газетасына өз убагында берилди.

Чолпон-Ата шаарында болуп өткөн билим берүү системасынын жетекчилеринин Чоң август кеңешмесине Кыргыз Республикасынын премьер-министри С.Жээнбеков, Билим берүү министри Г.К.Кудайбердиева катышты. Билим берүү академиясынан академиянын президенти, профессор А.Мамытов, вице-президент А.Токтомаметов, Окутуунун теориясы жана технологиясы борборунун директору Е.Е.Син катышып келишти. Чоң август кеңешмесинде КББАнын президенти, проф. А.Мамытов тарабынан

жаңы муундагы базистик окуу планы, предметтик стандарттар жөнүндө кеңири мазмунда баяндама жасалды.

Жылдагыдай эле 1-сентябрь Билим күнүндө өтүлө турган 1-сабактардын иштелмелерин да биздин лабораториялардын кызматкерлери даярдашты. 1-4-класстарга Мектепке чейинки жана башталгыч билим берүү лабораториясынын ага илимий кызматкерлери Ч.Аттокурова, Н.Байымбетова, 5-7-класстарга Социалдык-гуманитардык проблемалар лабораториясынын ага илимий кызматкерлери Б.Козубаева, З.Сураганова, 8-11-класстарга Социалдык-гуманитардык проблемалар лабораториясынын башчысы М.Иманкулов, илимий кызматкер У.Калеев, КР БИМге караштуу Педагогикалык кызматкерлердин адистигин жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун ага окутуучусу А.Дөөталиев даярдады. Бирок сабактарга талап өтө күчтүү болуп, койгон темалар, берген материалдар көп жолу талданып каралып, сын-пикирлер да көп айтылды. Кызматкерлер койгон дооматтарды туура кабыл алышып, өз убагында оңдоп, министрликтин кызматкери менен тыгыз иштешишти.

**А.Мамытов:** Былтыркыга караганда быйыл ирети менен өттү. Бирок бардык замечаниелерге макул боло бербеш керек. Мисалы, күзүндө өтүлө турган пед-к окуулар эске алынган эмес дейт. Эмдиги жылы өтө турган съезд эске алынган эмес дейт. Марченко стратегия эске алынган эмес дептир. Албетте, тиешелүү жерде стратегия дагы керек, бирок, методикалык сунуштарга съезддин кандай тиешеси бар?

**А.Токтомаметов:** Быйыл мурдагы жылдарга караганда сапаттуу даярдалды. Эмдиги жылы чогу сунуштардын структурасын бекитип иштейли. Бирдиктүү багытта иштеп чыгаруу керек. Мен министрликте 10 күнгө жакын жүрдүм. Бир сунуштар боюнча мен уят болдум. Москвадагы съезд жөнүндө айтылат, андан башка эч нерсе жок. Бизге минус: башталгыч класстарды Артыкбаева жасады, бирок биздин академиянын атынан кетти. Бул жерде проблема бар, аны моюнга алыш керек.

**А.Мамытов:** Кабыл алабызбы маалыматты? Ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул, чечим кабыл алынды.

Жогоруда айтылгандардын негизинде**Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Мугалимдердин август кеңешмесинин жыйынтыктары жөнүндө берилген маалымат кабыл алынсын.
2. 1-сабактардын иштелмелерин сапаттуу иштеп чыгуу үчүн илимий кызматкерлер практик мугалимдер менен биргеликте чогуу иш алып барышсын. Жоопкерчилик лаборатория башчыларына жүктөлсүн.
3. 1-сабактарга олуттуу мамиле жасоону көзөмөлдөө Окутуунун теориясы жана технологиясы борборунун директору Е.Синге милдеттендирилсин.

**3. Об утверждении Положения об экспертизе и апробации учебно-методических комплексов в образовательных организациях Кыргызской Республики.**

**Слушали:** ученого секретаря КАО **А.Ниязову,** которая представила проект Положения об экспертизе и апробации учебно-методических комплексов в образовательных организациях Кыргызской Республики (проект прилагается).

**А.Мамытов:** Вопросы?

**Ибирайым к. Айжан:** Должны быть обязательно инструментарии оценки УМК.

**А.Ниязова:** Бекитилген инструментарий бар, бирок аны отдел кайрадан карап иштеп чыгыш керек.

**Е.Син:** Положение сделано хорошо, спасибо за работу. Но есть замечания. Часть глоссария необходимо опустить, слишком много. В положении отсутствует главное: нет функциональных обязанностей экспертов, руководителей апробации. Например, надо убрать

**А.Мамытов:** В глоссарии можно убрать “альтернативный учебник”, “вариативный учебник”. К нам поступают уже отобранные УМК. Учебно-методический комплекс в

первой главе дан хорошо, обстоятельно. А вот в глоссарии дано толкование уже не то. Предлагаю перенести в глоссарий первый вариант из первой главы. “Сборник задач и упражнений” – я бы оставил, но убрал бы “вычисления”. В пункте 3.5. надо написать “УМК”, там написано “учебник”.

**А.Токтомаметов:** “Альтернативный учебник”, “вариативный учебник” калтырып эле койсок. Себеби, эртенки күнү бала бакча боюнча китептер келип калышы мүмкүн, башка китептер болуп калат.

**А.Мамытов:** Негизги окуу-методикалык Мыйзамдуу өңүттө кетсек, жаңы нерсени эксперимент катары киргизебиз десе, уруксат беребиз, каалаган мектепте өтө берсин. Биз азыр ошонун азабын тартып жатабыз.

Бул жобо ички документ, Кыргызстан боюнча жумушту тартып кетпейт. Кыргызстан боюнча Положение о конкурсном отборе учебников деген бар, ошол жобонун негизинде Кыргызстан боюнча иш алып барышат.

**Б.Рыспаева:** Биз УМК деп жатабыз. бирок бизге учебнити эле алып келип таштап жатышат. Анда эмне кылабыз?

**А.Мамытов:** Анда УМК дебей, учебникти баалайбыз.

Бул документ боюнча зарылдыкпайда болгон, керек документ. Долбоорлор менен иштегенде жобо барбы деп дайыма бизден сурай беришет. Ошонун негизинде жобо иштеп чыгалы дедик. Жобону иштеп чыкканга Айнагуль Маликовнага рахмат айтабыз. Бул кишинин апробацияга тиешеси жок. Апробация бөлүмүнүн эки адисине расмий замечание берем. Сейит Жаанбаевич, Аксана, сиздер ээлеген кызматка частично не соответствуете. Эгерде мамиле өзгөрбөсө, мен кадрлык чара көргөнгө аргасыз болом.

Жобону добушка коем. Жобону бекитүүгө ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул, чечим кабыл алынды.

На основании вышеизложенного **Ученый совет постановляет:**

1. Утвердить Положение об экспертизе и апробации учебно-методических комплексов в образовательных организациях Кыргызской Республики.
2. Отделу экспертизы и апробации учебно-методических комплексов в образовательных организациях Кыргызской Республики по организации и проведению экспертизы и апробации учебно-методических комплексов согласно утвержденному Положению.

**4. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарындагы 10-11-класстар үчүн Кыргызстан тарыхы жана Дүйнө тарыхы предмети боюнча программанын (базалык багыттагы) долбоору жөнүндө** (түзүүчүлөрү: Абдырахманов Т.А. т.и.д., профессор, И.Арабаев атындагы КМУнун ректору, Доталиев А.К., Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун ага окутуучусу).

**Угулду:** Социалдык-гуманитардык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясынын башчысы п.и.к., доцент М.К.Иманкуловдун билдирүүсү.

Жалпы билим берүүчү уюмдардын 10-11-класстары үчүн Кыргызстан тарыхы жана Дүйнө тарыхы боюнча программанын (базалык багыттагы) долбоору Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) 10–11-класстары үчүн тарых предметинин стандартынын негизинде жана ага шайкеш иштелип чыккан. 10-11-класстардагы тарых предмети боюнча негизги темалардын мазмуну 10-11-класстар үчүн Кыргызстан тарыхы жана Дүйнө тарыхы боюнча предметтик стандартта көрсөтүлгөн мазмундук сызыкта чагылдырылат.

Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүүчү стандартында жана 10-11-класстар үчүн Кыргызстан тарыхы жана Дүйнө тарыхы боюнча предметтик стандартта белгиленген компетенттүүлүк, күтүлүүчү натыйжалар толугу менен белгиленген.

Түшүндүрмө катта түзүүчүлөр тарабынан курстун мазмуну боюнча кыскача түшүндүрмө берилген, Кыргызстан тарыхы жана Дүйнө тарыхы предметин окутуунун

максаты жана милдети так аныкталган, предметтик компетенттүүлүк жана күтүлүүчүн натыйжалар такталып көрсөтүлгөн. Программанын долбоорунда 10-11-класстар боюнча окуу программаларындагы сааттардын көлөмү, бөлүмдөр, главалар жана темалар предметтик стандартка ылайык так көрсөтүлгөн.

Программадагы темалардын мазмуну бөлүмдөргө жана главаларга так бөлүнүп, ар бир курстун аягында терминдер, түшүнүктөр берилип андан тышкары окуучулар үчүн практикалык сааттар каралган.

10-11-класстардагы ар бир бөлүм жана главада цивилизациялык өңүттөгү темалар берилген, демек тарыхты окутууда формациялык мамиледен, цивилизациялык мамилеге өтүү каралган.

Ар бир тема же бир нече темадан кийин окуучулардын билимин өздөштүрүүсү жана өз алдынча таанып билүү, практикалык окуп-үйрөнүү үчүн атайы сааттар так бөлүнгөн.

Кыргызстан тарыхы жана Дүйнө тарыхы курсу боюнча 10-11-класстардагы предметти өздөштүрүүгө болгон талаптар, милдеттүү натыйжалар, андан тышкары алган билимдерин жана көндүмдөрүн күндөлүк жашоодогу практикалык ишмердүүлүктө колдонуу, үйрөнүүчү жана практикалык ишмердүүлүгүндөгү тажрыйбасы аныкталып берилген. 10-11-класстардын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрү эске алынып, тарыхый билим алууда негиз болуп эсептелген адам жана коом, география, адабият, укук жана экономика предметтери менен байланышкан, предмет аралык байланышка карата программа негизделип түзүлгөн.

Уюштуруу-методикалык көрсөтмөлөрдө, Мамлекеттик стандартта жана 10-11-класстар үчүн Кыргызстан тарыхы жана Дүйнө тарыхы предметтик стандартта аныкталган баалоонун негизги стратегиясы боюнча окуучулардын окуу мотивациясына, өзүн-өзү баалоонун көндүмдөрүнө, өз ишине жана башкалардын ишмердүүлүгүнө сын көз караш менен кароо, окуу чөйрөсүндө жагымдуу жагдайдын түзүлүшүнө негизделген окутуу ыкмалары белгиленген.

10-11-класстардын окуучуларынын ишмердүүлүгүн жана жетишүү деңгээлин баалоо программанын долбоорунда жаңы ыкмаларда берилген. Окуучунун окутуунун ар бир баскычы үчүн пландалган натыйжаларга жетишүүсүн деңгээлин аныктоо үчүн утурумдук (диагностикалык, калыптоочу, же формативдик жана суммативдик) жана жыйынтыктоочу баа колдонуулары так аныкталган. Сунуш кылынган адабияттардын тизмеги, негизги жана кошумча адабияттардан турат.

Жогорудагы көрсөтүлгөндөргө таянуу менен Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдардарындагы 10-11-класстары үчүн “Кыргызстан тарыхы жана Дүйнө тарыхы” боюнча программанын (базалык багыттагы) долбоорун Социалдык-гуманитардык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясынынотурумунда талкулоо менен КББАнын Окумуштуулар кеңешине кароого сунушталат.

Жогоруда айтылгандардын, талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар Кеңеши токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарындагы 10-11-класстар үчүн базалык багыттагы Кыргызстан тарыхы жана Дүйнө тарыхы предмети боюнча программасы (түзүүчүлөрү: Абдырахманов Т.А. т.и.д., профессор, И.Арабаев атындагы КМУнун ректору, Доталиев А.К., Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун ага окутуучусу) жактырылсын.
2. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарындагы 10-11-класстар үчүн Кыргызстан тарыхы жана Дүйнө тарыхы предмети боюнча түзүлгөн программаны (базалык багыттагы) бекитип берүү жагы Билим Берүү Министрлигинен суралсын.

**5. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-9-класстар үчүн География предмети боюнча программасы жөнүндө** (түзүүчүлөрү: Жунушалиева

К.К., КББАнын Социалдык-гуманитардык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери, п.и.к., доцент., Шыгаева Ч.У., география мугалими., Кулматов Т.Н., г.и.к., Ж.Баласагын атындагы КУУнун физикалык география кафедрасынын доценти., Кадыркулов М.К., г.и.к., Ж.Баласагын атындагы КУУнун физикалык география кафедрасынын проф., Токторова Р.А., г.и.к., Ж.Баласагын атындагы КУУнун география, экология жана туризм факультетинин деканы, доцент).

**Угулду:** Социалдык-гуманитардык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясынын башчысы п.и.к., доцент М.К.Иманкуловдун билдирүүсү.

Программа "Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндөгү" Кыргыз республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтомуна ылайык иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 6-9-класстардын География предметинин Предметтик стандартынын негизинде түзүлгөнүн белгиледи. Программа окуучулардын окуу иш аракетин уюштуруудагы мазмундук, формалык жана методдук байланыштарды камсыздаган өз ара байланыштуу курстардын бирдиктүү системасы түрүндө болоорун, программа талапка ылайык түзүлгөндүгү тууралуу билдирди. Программа түшүндүрмө кат, окуу методикасына карата сунуштар, окутуунун мазмуну, географияны окутуудагы күтүлүүчү натыйжалар, окуучулардын жетишкендиктерин баалоо, География предмети боюнча билим берүү процессин уюштуруудагы талаптар, тиркемелер жана адабияттардан турат.

География предмети боюнча түзүлгөн программага Мырзаева Р.А., Т.Сатылганов атындагы гимназиянын география мугалиминен, Осмонбекова Т.О., ТВ "Билим" география мугалиминен пикирлер алынды.

5-9-класстар үчүн География предмети боюнча программа (орусча, кыргызча) Социалдык-гуманитардык билим берүү тармагынын маселелерилабораториясынын отурумунда талкууланып Окумуштуулар кеңешине кароого сунушталат.

Жогорудагы маалыматтарды угуу менен аны бекитүүгө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү макул болду, каршы, калыс болгон жок.

Жогоруда айтылгандардын, талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар Кеңеши токтом кылат:**

